**«БЕКИТЕМИН»**
**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, фил.и.к., доцент**
**_______________________**
**Э.Ж.Каниметов**
**«19» ___10___ 2021-ж.**

**Абдиева Чынара Ильиясовна "Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)" деген темадагы 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына жетектөөчү мекеме катары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын берген корутунду**

# П И К И Р И

Кыргызстандын түштүгүндөгү электрондук медиа каражаттар буга чейин өз алдынча илимий изилдөөнүн курамына негизги объект катары кирген эмес. Буга чейин чыккан айрым эмгектерде региондун медиалары жалпы алынган темалардын ичиндеги структуралык бүтүмдүктүн бир кичине бөлүгү сыяктуу каралган. Сунушталган диссертацияда түштүк региондун журналистикасы өз алдынча системдүү тартипте изилденип, журналистика адистигинин объектисине кирет. Ушул тараптан алганда, диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жана 10.01.10 – журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугун** төмөнкү факторлор менен аныктаган:

1) глабалдаштыруу дооруна шайкеш кыргыз журналистикасынын өнүгүү жолдорунун алигече толук аныкталбагандыгы, журналистиканын заманбап маселелеринин конкреттүү жагдайларга ылайык талдап чыгуунун зарылдыгын;



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 160/06
« 5 » 11 2021 г.

2) өлкөбүз кечирип жаткан эгемендүүлүк шартында ММКнын өнүгүү этаптарынын каралбай келиши, бул зарылчылыкты ишке ашыруунун илимий жолдорун иштеп чыгуунун журналистика үчүн өтө баалуулугун;

3) түштүк региондо жайгашкан телерадиокомпаниялардын ишинин кенен талдоого алына электигин;

4) ММК жаатында иштеген журналисттердин экстремалдык учурда жүргүзгөн иш-аракеттеринин ар тараптан аныкталбай жатышын;

5) коомдук кооптуу кырдаалдарды чагылдыруудагы журналисттердин чыгармачылыгындагы тактык эместик, объективдүүлүк-субъективдүүлүк, ар тараптуулук, бир беткейлик өңүттөрдө изилдеп чыгуунун керектиги теманын актуалдуулугун аныктап турат.

**Диссертант сунушталган ар бир илимий натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун негизделүү, аныкталуу деңгээли.** Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жаңычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү. Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар ишеничтүү, анткени бардыгы тең конкреттүү фактылар-материалдар менен бекемделген. Изденүүчү журналистика илиминдеги бардык эмгектерди иликтөөгө алууда, аларды системалаштырууда салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методдорун колдонуп, анын натыйжасында ишеничтүү, конкреттүү, логикалуу илимий жыйынтыктарды алууга жетишкен.

**Диссертациядагы ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактардын, корутундунун жаңылык даражасы.**

1) иштин мазмунунда түштүк регионунда аракеттенген телерадиожурналистикада коомдук актуалдуу маселелердин чагылдырылышына жана буга тиешелүү изилдөөлөргө жалпы сереп берилиши;

2) электрондук медиа каражаттардын региондогу өнүгүү этаптарынын тартибинин аныкталышы;

3) журналистиканын методологиялык пайдубалынын жана методдорунун жергиликтүү материалдарды мүнөздөөгө ылайыктап иштелип чыгышы;

4) түштүк регионунда жайгашкан медиа каражаттардын бөтөнчө жактарын жана жалпылыктарын салыштырылып берилиши;

5) аймактагы жана өлкөдөгү экстремалдык жагдайлардагы журналистикада актуалдашкан, биринчи планга коюлган маселелердин чагылдырылышындагы бөтөнчөлүктөрдүн талданышы;

6) региондук жана республикалык каардуу окуяларга карата медиа каражаттарда берилген маалыматтардын көп түрдүүлүгүнүн (бир тараптуу, ар тараптуу, субъективдүү - объективдүү, козуткан - сабырдуу ж.б.) көрсөтүлүшү;

7) шайлоолордун (президенттик, депутаттык) жүрүшүндө натыйжасын, талданылышын, бааланышын жана электрондук маалымат каражаттарда жүргүзүүнүн ык-методдорунун сыпатталышы кирет.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациянын материалы “Кыргызстандын түштүк аймагындагы журналистиканын тарыхы” аттуу темадагы монографияны жана университеттер үчүн окуу китепти жазганга негиз болуп берет. Иштин жыйынтыктары журналистиканын теориясы жана практикасы боюнча лекциялык курстарга жол ачат. Ошондой эле “экстремалдуу учурдагы журналистика” боюнча спецкурс менен спецсеминарларды өткөргөнгө жарайт. Ал эми “масс-медианын ишине мониторинг” деп университеттер үчүн жаңы тематикалык окууну ачканга шарт түзөт. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу мааниге ээ.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча жарыяланган эмгектери журналистика илимине өз салымын кошуп тургандыгы. Диссертациянын материалы “Кыргызстандын түштүк аймагындагы журналистиканын тарыхы” аттуу темадагы монографияны, ошондой эле университеттер үчүн окуу китепти жазганга салмактуу бир негиз болуп берет. Иштин жыйынтыктары журналистиканын теориясы жана практикасы боюнча лекциялык курстарды түзгөнгө жол ачат. “Экстремалдуу учурдагы журналистика” багыты боюнча атайын курс менен атайын семинарларды өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. “Масс-медианын ишине мониторингдердин тажрыйбасы” деген жаңы тематикалык окууну ачууга шарт түзөт.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.** Автореферат кыргыз, орус тилдеринде жазылган. Анын мазмуну диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна дал келет. Авторефератта диссертациядагы изилдөөнүн негизги маани-маңызы камтылган. Одоно

дал келбестик жок. Иште автордун кыргыз, орус жана англис тилинде жазылган резюмелери тиркелген.

Автореферат Кыргыз Республиканын Жогорку аттестациялык комиссиясынын авторефератка коюлуучу талаптарына толук жооп берет.

**Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы кемчилдиктер.** Изилдөөдө төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөр байкалат:

1. Диссертациядагы адабияттар тактоого муктаж.
2. Диссертацияда орфографиялык жана пунктуациялык каталар кездешет.
3. Айрым жерлеринде стилистикалык каталар кездешет.

Жогоруда айтылган сын-пикирлер диссертациялык иштин жалпы баалуулугуна, илимий деңгээлине таасирин тийгизбейт. Диссертациялык иштин аяктаган иш катары эсептөөгө болот.

Изилдөө боюнча диссертанттын баяндамасын, ага карата айтылган ой-пикирлерди угуп жана талкуулап, диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын кенейтилген отуруму төмөндөгүдөй **чечим кылат:**

**Изденүүчү Абдиева Чынара Ильиясовнанын "Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)" деген темадагы 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы КР ЖАК тарабынан коюлган талаптарга толук жооп берет жана анын автору 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.**

Диссертация 2021-жылдын 19-октябрында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын кезексиз отурумунда №2 протокол менен каралды. Талкууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты:

Кацев А.С. ф.и.д., профессор - жыйындын төрагасы, Нооганова Е.О. - жыйындын катчысы; Султанова Ж.О. ф.и.д., доцент, Искендерова Ш.А., ф.и.к., доцент, Борубаева А.Б., ф.и.к, доцент, Жапаракунов У.К., ф.и.к., Кабатай к. А. ф.и.к., Борубаева А.Б., ф.и.к., доцент, Шамбеталиева Х., ф.и.к., доцент, Кыдыкбаева К.С., доцент.м.а., Кийизбаева Ч.К., ага окутуучу, Бердигулова Н.А., ага окутуучу, Мамаева А.А.

**Жыйындын төрагасы, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин эл аралык журналистика кафедрасынын ф.и. д., профессор (10.01.10)** **А.С.Кацев**

**Катчы, И.Арабаев атындагы чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин журналистика кафедрасынын ага окутуучусу** **Нооганова Е.О.**

*филология илимдеринин доктору, профессор А.С.Кацевдин жана ага окутуучу Е.О.Нооганованьын колун тастыктайм.*

*И.Арабаев атындагы КМУнун окумуштуу катчысы, пед.и.к.* *Е.Нусубалиева*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ